жана өзүнө баа берүүсү, эрк сапаттарынын өсүүсү, байкоо, угуу, эске тутуу билгичтиктери, коюлган маселени чече алуусу менен аныкталат. Программанын артыкчылыктары 6 жаштагы балдардын академиялык билимдерди алуусуна гана эмес, баланын инсанынын ар тараптуу: интеллектуалдык, адептик, эстетикалык жана дене жагынан өсүүсүн калыптандырууга да багытталган.

## Программанын негизги милдеттери

*Билим берүүчү:*

- мектепте ийгиликтүү окуу үчүн негизги психикалык процесстерди (көңүл, эс тутум, ой жүгүртүү) өстүрүү;
- балдарда Кыргызстан, анын борбору – Бишкек шаары, өз чөлкөмү (айыл, шаар ж.б.), мамлекеттик символдор, улуттук кийимдер тууралуу түшүнүктөрдү, билимдерди калыптандыруу;
- адамдын коомдогу жана мектептеги жүрүм-турумун аныктоочу маанилүү социалдык ченемдер жана баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрдү, билимдерди калыптандыруу;
- жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- кепти активдүү пайдалануусун жана фонетикалык угумду калыптандыруу;
- мектепте окууга эмоционалдык оң мамилени калыптандыруу;
- конструктивдүү өз ара мамиленин жөнөкөй көндүмдөрүнө окутуу;
- мектепте окуу үчүн зарыл окуу иш-аракеттерин өстүрүү;
- көрсөтмөлөрдү аткаруу жана эреже боюнча аракеттене билүүсүн калыптандыруу;
- окууга кызыгуусун калыптандыруу;
- балдарды мектепке даярдоо менен башталгыч билим берүү предметтеринин ырааттуулугун камсыз кылуу.

*Өстүрүүчү:*

- 6 жаштагы балдардын теңтуштары жана чоң адамдар менен пикирлеше билүүсүн өстүрүү;
- түрдүү турмуштук жагдайларга карата чечим таба ала билүүсүн калыптандыруу;